КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРА-СУУ АЙЫЛДЫК
АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
КАРА-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жылдын 3-ноябры №56** **Кара-Суу айылы**

**Талас районунда административдик-аймактык реформаны ишке ашыруу жөнүндө**

Кара-Суу айылында 2023-жылдын 26-сентябрында өткөрүлгөн элдик жыйындын протоколуна таянып, Эл Депутаттарынын Кара-Суу айылдык аймактык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз 40-сессиясы **токтом кылат:**

1.Талас районундагы административдик-аймактык реформаны ишке ашыруу боюнча жумушчу тобунун №1 чечими колдоого алынсын.

2.Өмүралиев айыл аймагына Кара-Суу айыл аймагын бириктирүү менен Чоң-Алыш айыл аймагы болуп аталсын.

3.Бириккен Чоң-Алыш айыл аймагынын борбору Манас айылында жайгашсын.

4.Бириктирилип жаткан айыл аймактын картасын, чек араларын, жайыт жер аянттарын, калкынын санын тактоо иштерин райондук мамлекеттик администрациясында түзүлгөн жумушчу тобу менен иш алып баруу жагы Кара-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы А.Касымбековго жүктөлсүн.

5.Токтомду көзөмөлдөө жагы Кара-Суу айылдык аймактык кеңешинин орун басары Н.Асановага милдеттендирилсин.

**Төрага** **Р.Биримкулов**